КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНАН

КӨЧҮРМӨСҮ

Бишкек ш. 2022-жылдын 22-сентябры № 34/3

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2009-жылдын 22-майындагы № 9/1 «Коммерциялык банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери боюнча маалымат базасын жүргүзүү жөнүндө» токтомун күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Төмөнкү токтомдор күчүн жоготкон катары таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2009-жылдын 22-майындагы № 9/1 «Коммерциялык банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери боюнча маалымат базасын жүргүзүү жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2013-жылдын 22-мартындагы № 9/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2009-жылдын 22-майындагы № 9/1 «Банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча усулдук көрсөтмөлөрүнө» өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү» тууралуу токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2017-жылдын 29-июнундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун:

- 1-пунктунун алтынчы абзацы;
- тиркеменин 5-пункту.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы Ж. Аралова